Жаштык бул - ЖИГЕР!
# НУР
85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg
№04 (226) 2024-жыл, апрель
Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

## СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН МҮМКҮНЧҮЛҮК ТҮЗГӨН FERIEN JOB ПРОГРАММАСЫ

15-бет

## ЖАПОНИЯ ЖӨНҮНДӨ КЫЗЫКТУУ ФАКТЫЛАР


16-бет

## ӨЗБЕКСТАНДА ОШМУНУН 85 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИ БЕЛГИЛЕНДИ



2-бет

## КАРА (чёрный квадрат) ЧАРЧЫ



5-бет

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg



# ӨЗБЕКСТАНДА ОШМУНУН 85 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИ БЕЛГИЛЕНДИ

Өзбекстандын А.Навои атындагы Ташкент мамлекеттик өзбек тили жана адабияты университетинде окуу жайдын 85 жылдык мааракесине арналган иш-чара болуп өттү. “ОшМУ – достуктун, маданий-адабий байланыштын ордосу” аталышындагы иш-чарага университеттин тышкы байланыштар боюнча проректору Курсантбек Аттокуров баштаган делегация катышты.

Маданий иш-чарада “ОшМУга - 85 жыл” аттуу көргөзмө уюштурулду. Көргөзмөгө ОшМУда өндүрүлгөн жана студенттердин колу менен тигилген сайма, курак, чоподон жасалган буюмдар коюлду. Ошондой эле Искусство факультетинин окутуучусу, дизайнер Адина Абдыжапар кызына таандык кыргыз улуттук кийимдеринин коллекциясы көрсөтүлдү.

Иш-чара “Ош мамлекеттик университетинин заманбап билим мейкиндигине интеграциялануудагы орду” аталышындагы илимий семинар менен уланды. Анда проректор К.Аттокуров Ташкент мамлекеттик өзбек тили жана адабияты университетинде ачылган Ч.Айтматов атындагы Кыргыз тили жана маданияты борборуна кыргыз кыздарынын улуттук кийимдерин белекке берип, окуу жайдын тиешелүү жетекчилерине ОшМУнун ректорунун Ыраазычылык катын тапшырды.

Сапардын алкагында ОшМУдан барган делегация Ташкент мамлекеттик өзбек тили жана адабияты университетинин окуу корпусу, билим берүү жана тил үйрөтүү багытындагы борборлору жана кааналары менен таанышты. Эки университеттин келечектүү иш-пландарын талкуулашты.



















**ОшМУнун маалымат борбору**

# STUDEXPO-2024

ОшМУнун 85 жылдык мааракесине карата уюштурулган "StudExpo - 2024" эл аралык студенттердин эмгек жарманкеси болуп өттү. Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институту тарабынан уюштурулган иш-чарага Казакстан, Өзбекстан, Кыргызстандагы 16 жогорку окуу жайда билим алышкан студенттердин 150дөн ашуун долбоорлору катышты.

Студенттердин эмгектери 4 секцияга бөлүндү: программалоо; мобилдик веб-тиркемелер; робототехника жана автоматташтыруу; 3D модели Motion Animation менен биргеликте иллюстрация жана графикалык дизайн.

Жыйынтыгында программалоо жана мобилдик веб тиркемелер секциясында Кыргыз техникалык университетинин студенттери Самидин Ибраев баштаган команда 3-орунду, ОшМУнун студенти Азизбек уулу Арген 2-орунду, Казакстандагы Л.Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин студенттери Найла Абдашева баштаган студенттер 1-орунду ээлешти. Робототехника жана автоматташтыруу секциясында Кыргыз техникалык университетинин студенти Ормон Абышов 3-орунду, ОшМУнун студенти Ажымурат Бурканов 2-орунду, Кыргыз техникалык университетинин студенти Максим Харитонов 1-орунду жеңип алды. 3D моделдештирүү жана моушн анимация секциясында ОшМУнун студенти Абдурахман Ураимов 3-орунду, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин студенти Канайым Атакелдиева 2-орунду, ОшМУнун студенти Бакыт уулу Сардалбек 1-орунду ээледи. Иллюстрация жана графикалык дизайн секциясында ОшМУнун студенти Айгерим Жороева 3-орунду, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин студенти Жеңишбек кызы Аймээрим 2-орунду, ОшМУнун студенти Мырзабек Токторов 1-орунду багындырды. Байгелүү орундарды ээлеген жеңүүчүлөргө диплом, медаль, баалуу белектер тапшырылды. Ошондой эле сынакта калыстык кылган эксперттерге, активдүү катышкан ЖОЖдорго ОшМУнун ыраазычылык каты ыйгарылды.

Кубанычы койнуна батпай турган айрым жеңүүчүлөрүбүз менен маектешип кайттык.



**Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун ГД(б)-1-20 тайпасынын студенти, 3D моделдештирүү жана Motion Animation секциясынын 1-орун ээси Сардалбек Бакыт уулу:**

Мен, 12-апрель күнү ОшМУнун 85 жылдыгына карата болуп өткөн эл аралык "STUDEXPO-2024" компьютердик билим жана графикалык дизайн аттуу студенттик көргөзмөсүндө 3D моделдештирүү жана Motion Animation секциясында 1-орунду ээледим. Ал жарманкеде 3D спорт комплексинин моделин түздүм, ал үчүн алгач SketchUp программасынын жардамында ар кандай фигураларды колдонуп стадион, бассейн, теннис, баскетбол, эс алуучу жай жана дагы бир топ кичи футбол аянтчаларын жана ОшМУнун башкы корпусунун 3D моделин түзүп чыктым. Андан кийин LUMION программасына импорт кылып, ар бир объектке өзүнчө анимация жана рендеринг жүргүзүп, бир жарым минуталык видео жасап чыктым. Бул ишти жасоо үчүн мага бир ай убакыт керектелди жана мен үчүн эң өзгөчө проектердин бири болду. Мындан ары да өз алдынча иштеп өнүгүүгө умтуламын. Иш чаранын уюштуруучуларына терең ыраазычылык билдирем.








**Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун ПМИ(б)-1-22 тайпасынын студенти, робототехника жана автоматташтыруу секциясынын 2-орун ээси Ажимурат Бурханов:**

Университетибиздин 85 жылдыгына арналган "StudExpo-2024" жарманкесине катышуу мүмкүнчүлүгүн түзүп берген Ош мамлекеттик университетине ыраазычылык билдирем. Бул иш-чара коңшу өлкөлөр Өзбекстан, Казакстан жана башка жактын студенттерин, эксперттерин бириктирген билимдин, инновациянын жана таланттардын чыныгы майрамы болду.

Робототехника жана автоматташтыруу секциянын жыйынтыгы боюнча 2-орунду камсыз кылдым. Бул иш-чарага катышуу мен үчүн уникалдуу тажрыйба болду. Экинчи орун үчүн күрөшүү роботторду жана автоматташтырылган тутумдарды иштеп чыгууда менин билимимдин, жөндөмүмдүн жана чыгармачылыгымдын чыныгы сыноосу болду. "StudExpo-2024" жарманкесине келечектин иновациялык фермасы "Jetigen Farm" менен катыштым.

"Jetigen Farm" айыл чарбасы менен алдыңкы технологияларды байланыштырган иновациялык долбоор. Бул автоматтык мал чарба фермасы. Мал чарбачылыгын ыңгайлуу жана натыйжалуу жүргүзүүнү камсыз кылган акылдуу башкаруучу система. "Jetigen Farm" негизги элементтеринин бири – уйларды тоюттандыруунун автоматташтырылган системасы. Тоют берүү убактысы келгенде машина малга тоютту так жеткирип, фермерди кол менен тоюттандыруудан бошотот. "Jetigen Farm" артыкчылыктары: малды багуу процесстерин автоматташтыруу; тоюттандыруу жана сугаруу сыяктуу күнүмдүк иштерди кол менен аткаруунун зарылдыгы азаят; үзгүлтүксүз жана так тоюттандыруу жана суугаруу жаныбарлардын ден соолугун жакшыртат; процессти автоматташтыруу эмгекти азайтат жана чарбанын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатат.

Башка университеттердеги атаандаштарым менен жолугушуу мага тажрыйба жана ой алмашууга, робототехника жана илимдин акыркы тенденциялары жөнүндө билүүгө мүмкүндүк берди. Бул иш-чара менин кесиптик өнүгүүмө чоң таасирин тийгизди жана мындан ары чыгармачылык менен аракеттенүүгө дем берди.

**Малика Токтосунова**

# 04.04.2024. / 24.04.2024.

Ар бир адам үчүн өзгөчө маанини берген, күткөн же тескерисинче жактырбаган датасы болот эмеспи. Мисалы, Жаңы жылда жаш балдар, 23-Февраль күнү мырзалар, 8-Март күнү айымдар кубанса, башка майрамдарда сөзсүз түрдө жагымдуу маанай жана өзгөчө белектерди алабыз да, ошол күндү жылмаюу менен өткөрөбүз. Ал эми ар бир адам үчүн өзүнүн орду бар дата - албетте анын туулган күнү. Бул күндө бардык адамдар кайгы-кападан алыс болуп, күнү кечке жылмайып, шаңдуу жүрүшөт.

А биз болсо апрель айындагы өзгөчө датада төрөлгөн студенттерибиздин сүйүнүчүн силер менен бөлүшүп, бул күндү кандай өткөргөнү тууралуу кызыктуу маек алдык.

## Мээрим Айтмаматова: *"Картамда жарым миллиондон ашык акча туруптур"*




Мен, Мээрим Айтмаматова. 2004-жылы 4-апрельде төрөлгөм. Быйыл 20 жашка толдум. Учурда ОшМУнун Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинде окуйм. Ошондой эле ОшМУнун "Үмүт" телестудиясында журналист болуп иштейм.

Негизи кичине кезимден бери туулган күнүмдү өткөрүп же тоскон эмесмин. Ар дайымкадай эле үй-бүлөм менен дасторкон үстүндө тосчумун. Бирок быйыл мурдагыдан айырмаланып, жумушта кесиптештерим жана досторум менен өткөрдүм. Чынын айтсам быйылкы туулган күн жакшы болду. Студент болгондон тартып досторуң, тааныштарың да көбөйөт экен. 100гө жакын тааныштарым жүзмө-жүз, социалдык тармактардан куттукташты. Аябай сүйүнүп, кыскасы маанайым көтөрүлдү. Туулган күнүмдү куттуктагандардын арасында өзгөчө күн, ай жана жылда төрөлүптүрсүң деп, таң калгандар да көп болду. Көрсө, бул күндү бир таанышым күтүп, белгилеп, турмушка чыгыптыр, ал да видео аркылуу куттуктады.


Ушул күнү кызыктуу окуя болду. Жумушта болчумун. Эжем чалып, куттуктап, акча салам деди. Мен картамдын номерин жөнөттүм. Бир убакта акча түшүптүрбү деп карасам жарым миллиондон ашык акча турат. Дароо көрүп, коркуп кеттим. Эжеме чалсам, "Мен сага 2000 сом салдым", - дейт. Эмне кылышымды билбейм. Акчаны улам-улам карап коём. Ар кандай ой келди. Бир убакта онлайн картага кирсем, башка эле бейтааныш номерден түшкөн акча экен. Өзүм байланышып, акчаны (жарым миллионду) өз ээсине жөнөттүм. Көпчүлүк айтат го " асмандан акча жааса" деп, бирок жөн жерден акча келсе баары бир кооптуу. Жүрөктө коркунуч болот экен. Андан көрө адал эмгек менен дал ошол акчаны тапсаң, бул башка кеп.

## Гүлнур Бактыбекова: *"Бир тууганДарым мага Dyson белек кылышты"*



Мен, Бактыбекова Гүлнур Бактыбековна, Ош областына караштуу Кара-Кулжа районунда 2004-жылдын 4-апрелинде туулгам. Азыркы учурда ВШМОПто башталгыч билим берүү багытында англис тили мугалими адистигинде 2- курста билим алып жатам. Туулган күнүмдү жакын санаалаштарым менен өткөрдүм, аябай көңүлдүү, эстен кеткис, өзгөчө көз ирмемдер менен өттү. Туулган күнүм мен ойлогондон дагы жакшы деңгээлде өттү десем болот, анткени мен сыйлаган жана мени сыйлаган өзүмө жакын деп санаган инсандардын жанында өттү. Ар бир инсан өзүнүн туулган күнүн күтөт эмеспи, анткени достору, ата-энеси, бир туугандары күтүүсүз белек кылышат. Мен дагы четте калган жокмун, бир туугандарым мага Dyson белек кылышты.

## Зыягүл Жайдарбекова: *"Туулган күн дегенде 9-класстагы туулган күнүм эсиме түшөт"*





Мен, Жайдарбекова Зыягүл, 2004-жылдын 24-апрелинде туулгам. Учурда Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде 2-курста окуйм. Туулган күнүмдү жыл сайын тосом. Быйылкы жылы туулган күнүм кооз датага туш келип турат. Бул күндү жакындарым менен эсте каларлык кылып өткөрөйүн деп жатам. Туулган күн дегенде 9-класстагы туулган күнүм эсиме түшөт. Үйүмө досторум куттуктаганы келишкен болчу, түнкү саат 12де сыртка чык деп чакырышты, эч нерседен кабарсыз сыртка чыксам, эч ким жок. Жашынып алышканбы деп ойлоп коём. Телефонум үйдө калган болчу, кайрадан үйгө кирип чалсам алар чоң энемдин үйүнө барып алышкан экен. Мен болсо өзүмдүн үйүмө келген болчумун.

**Малика Токтосунова**

# БИР СҮРӨТТҮН ТАРЫХЫ

## КАРА (чёрный квадрат) ЧАРЧЫ





**Сүрөттүн аталышы:** «Кара чарчы».
**Автору:** Казимир Малевич.
**Жазылган жылы:** 1915-жыл
**Өлчөмү:** 79,5 x 79,5см.
**Техника:** Май боёк.
**Материал:** Холст (таар).

«Кара чарчы» сүрөтү дүйнөдөгү белгилүү сүрөттөрдүн бири. Орус живописи боюнча адистешкен Sotheby's аукцион үйүнүн маалыматы боюнча, Казимир Малевичтин "Кара чарчы" сүрөтүнүн болжолдуу баштапкы баасы жыйырма миллион долларды түзөт. Бирок эмне үчүн? Эмне өзгөчө болушу мүмкүн? Ак фондо кара чарчы? Мындай нерсени дээрлик ар бир адам чагылдыра алат. Анда эмне үчүн Малевичтин "чарчысы? "

Казимир Малевичтин "Кара чарчы" картинасы орус авангардынын эң маанилүү чыгармаларынын бири болуп эсептелет. Бул абстрактуу көркөм чыгарма ак фондо тартылган жөнөкөй кара чарчы. Малевич кара чарчы абсолюттук тазалыкты жана жөнөкөйлүктү чагылдырып, аны реалдуу дүйнөдөгү объектилердин сүрөттөлүшүнөн бошотулган жаңы искусствонун чордонуна койгон деп эсептеген. «Кара чарчы» картинасы искусстводогу революциянын символу болуп, искусствонун мааниси жана функциясы тууралуу олуттуу талкууларды жаратты. Сүрөт ошондой эле минимализм жана жөнөкөй стилди колдонуу менен мейкиндик жана форма түшүнүгүн билдирет.

Бул чыгарма искусствонун табиятын жана анын көрүүчүлөргө тийгизген таасирин изилдөө үчүн жемиштүү ой булагы болуп калды. “Кара чарчыны” чечмелөө талаш маселе бойдон калууда. Кээ бирөөлөр аны минимализмдин жана салттуу искусствону четке кагуунун символу деп эсептешсе, башкалары чексиздиктин жана потенциалдын идеясынын көрүнүшү катары карашат. Бул сүрөт абстрактуу искусствонун жана жалпысынан заманбап искусствонун өнүгүшүнө таасирин тийгизип, 20-кылымдын искусствосунун символу болуп калды.

Малевич «Кара чарчы» чыныгы объектилерди, же предметтерди сүрөттөө зарылчылыгынан бошотулган искусствонун жаңы түрүн билдирет деп эсептеген. Бул формага жана түскө негизделген "таза искусство" идеясын чагылдырган. Сүрөт мурунку чектөөлөрдөн бошотулган искусствонун жаңы башталышын символдоштурган. Малевич "Кара чарчыны" дүйнөнүн жана бар болуунун негизги элементи болгон "нөл формалар" деп аныктаган. Ал дүйнөнүн бардык формаларын жана бардык түстөрүн өзүнө сиңирип алгандай, аларды пластикалык формулага келтирди, мында кара (түс менен жарыктын толук жоктугу) жана ак (бардык түстөрдүн жана жарыктын бир убакта болушу) уюлдуулугу үстөмдүк кылат.

### Кара чарчы картинасы боюнча кызыктуу маалыматтар:

1. Сүрөт «Кара чарчы» (кара квадрат) деп аталганы менен сүрөт квадрат эмес. Фигуранын тараптары параллелдүү эмес. Бир дагы туура бурч жок. Малевич идеалдуу образга умтулган эмес, антпесе жөн эле сызгычты колдонсо болмок. Автор динамикалуу, кыймылдуу форма түзгүсү келген.

2. «Кара квадрат» сүрөтүндө Малевич кара түстү колдонгон эмес.

3. Кара чарчыдан сырткары дагы эки чарчы бар. Алар кызыл чарчы жана ак чарчы. Кара чарчы – үнөмдөөнү, кызыл чарчы – революцияны ал эми ак чарчы – таза иш-аракетти билдирет.

Сүрөт учурда Москва шаарындагы мамлекеттик Третьяков галереясында сакталып турат.

**Малика Токтосунова**

# ЭКӨӨБҮЗ ТЕҢ БИР БАЛАНЫ ЖАКТЫРЫП



***Эгиздер — энеден бир эле мезгилде эки, үч жана андан көп төрөлгөн балдар. Дүйнөдө 70-80 миллионго чейин эгиздер жашап келет. Эгиздердин төрөлүүсү ар мамлекетте ар түрдүүчө көрсөткүчтөр менен белгиленет. Акыркы учурлардагы эгиздердин көп төрөлүп жаткандыгын адистер заманбап медицинанын өнүккөндүгү менен түшүндүрүшөт.***

***Эгиздердин жашоосу жөнөкөй адамдарга ар дайым кызыктуу жана өзгөчө болуп сезилет. Бул чыгарылышыбызда Чыгыш таануу институтунун 3-курсунда окуп жаткан Батма жана Зуура менен маектешип кайттык.***

***– Кандайсыңар? Өзүңөр жөнүндө кененирээк айта кетсеңер***

– Жакшы, өзүңүздөр кандайсыздар? Талыкпай иштеп жатасыздарбы? Өзүбүз жөнүндө айта кетсек, Өзгөндүн Көлдүк айылынын кулунубуз, 2003-жылы жумушчунун үй-бүлөөсүндө туулганбыз.Үй-бүлөдө 6 бир тууганын кенжесибиз, Зуул 3кыз. 11-класска чейин №75 Эсенаалы Атакулов атындагы орто мектебинде окудук. Азыркы учурда ОшМУнун Чыгыш таануу институтунун 3-курсунда окуп жатабыз.

***– ОшМУга кантип тапшырып калдыңар?***

– ОшМУ Оштогу эң алдыңкы университеттердин бири. Билим сапаты да мыкты. Биз 11-классты бүтүп жатканда көпкө ойлондук, кайсы университетке тапшырсак экен деп. Тааныштардан, агай-эжекелерибизден сураштырдык. Көпчүлүгү ОшМУну сунушташты. Биздин да кызыгуубуз жетелеп, ушул окуу жайга тапшырып калдык жана бул окуу жайга тапшырганыбызга өкүнбөйбүз!

***– Мектепте кандай окуучу элеңер?***

– Мектепте жакшы окудук десем адашпайм. Негизи көпчүлүгү айтышат, кээде суроо берген учурлар дагы болот: “Экзаменде бири-бириңердин ордуңарга кирген учурлар болобу?” - деп. Сабактардан так илимдерди жакшы көрчүбүз, тагыраак айтканда - математика сабагын. Биология, география сабактарынан олимпиядаларга барчубуз. Ошондой эле спортко дагы кызыгабыз. Мектептин волейбол боюнча курама командасында ойночубуз. Мугалимдерибиз силер мектептин күзгүсүсүңөр деп көп айтчу. Биздин окуубузда да, жашообузда да ийгиликтерге жетишүүдө, туура жолду тандоодо ата-энебиздин салымы чоң. Айрыкча атам бизди жакшы окугула, тапшырмаңы аткар, китебиңи оку деп катуу көзөмөлдөйт эле.

***– Көпчүлүк эгиздерде кездешет го, мисалы, бирөө тың, чыйрак, экинчиси тескерисинче. Силердин мүнөзүңөр кандай?***

– Туура айтасыз. Бизде өзгөрүп турат, тагыраак айтканда, алмашып турат. Мисалы, азыр мен чыйрак болсом, 2-3 жылдан кийин шеригим чыйрак болуп дегендей. Негизи мүнөздөрүбүз окшош эле, оор басырыктуу, аз сүйлөйбүз. Зуура мага караганда шамдагайыраак, бирок бир аз чыдамсызыраак. Кичине кезибизде урушуп кеткен учурлар болот эле, азыр урушпайбыз деле. Анан өтө эле таарынчаак эмеспиз, эгер кичине таарынышып калсак кайра тез



(Уландысы кийинки бетте)

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

эле жазылып кетебиз. Урушуп кеткенде кайра 5 мүнөткө жетпей эле бири-бирибизге сүйлөп алабыз.

– ***Кызыктуу суроо болсун. Сүйүүгө табитиңер кандай?***

Сүйүүгө туруктуубуз же туруктуу эмеспиз деп айта албайбыз. Себеби буга чейин бирөөнү сүйүп же жигиттер менен сүйлөшүп көрбөптүрбүз. Анча-мынча балдар менен тааныш, дос катары жазышчубуз. Сүйүүдө табитибиз окшош эле болсо керек деп ойлойм. Себеби мектепте окуп жүргөндө баарында эле алгачкы сүйүү болот эмеспи, "Тоок сүйүү" деп коюшат го, бизде да ошондой учурлар болгон. Кызыгы экөөбүз тең бир баланы жакшы көрүп калганбыз. Негизи экөөбүзгө тең эле акылдуу, тарбиялуу, түшүнүктүү, шайыр балдар жагат. Анан көпчүлүктү кызыктырган, көп берилген суроолордун бири "Эгиз балдарга турмушка чыккыңар келеби?" деген суроо. Ооба, ниетибиз бар. Себеби биз кичинебизден бери чогуу чоңойдук, чогуу ойнодук, чогуу окудук, жогорку окуу жайда дагы чогуу бир тайпада окуп жатабыз. Азыр сүйүүгө же башка нерсеге алаксыбай бардык көңүлүбүздү окууга бөлүп атабыз.

– ***Эгиздердин жашоосу баарына кызык да, силерде да кызыктуу, күлкүлүү окуялар болгонбу?***

– Ооба, негизи кызыктуу окуялар көп болот. Көбүнчө бизди адаштыра беришет. Айрыкча, жаңыдан окууга тапшырып, шаарга келгенибизде, окуган, жашаган жерибизде адаштырган учурлар көп болгон. Курста чогуу окугандар көп алмаштырышат. Мисалы, Батма менен чогуу окугандар же тааныштары келип мени менен учурашып алышат.Таанъбаган эле адам келип кучакташып учурашып атса түшүнбөй каласың. Бул ким эле, качан тааныштым эле деп. Кээде учурашпады деп таарынган учурлар да болот. "Ээ, силер эгизсиңерби, мен бир эле кыз экен деп ойлоп жүрө берипмин"- деген адамдар да көп кездешет. Кээ бирлер бирибизге сүйлөш үчүн экөөбүздүн тең атыбызды айтат. Кызыктуу окуялардан айта кетсек, үйдө курулуш жүрүп жаткан, усталар бар эле, ал убакта биз кичине болчубуз 2 же 3-класста окуйт элек. Усталар жаңы келгенде эшикке стол коюп дасторкон салып атканбыз, бир маалда усталардын бирөөсү "ээ булар эгизби, айтам, мынча тез кыймылдайт, бул жактан өтүп кетип эле наржактан чыга калат",- деп аябай күлгөн. Дагы бир жолу жай мезгили эле. Жайында айылда көпчүлүк эле жайлоого чыгат эмеспи. Биз дагы жайлоого чыкчубуз. Мен жайлоодо, Зуура өөндө болчу. Алыстан туугандарыбыз келип калды. Жайлоого барып эле "Ээ сен качан келип калдың?", - дейт. Эмне болуп жатат деп түшүнбөйм. Көрсө, бизди мурун көрбөгөнгө Зурананы дагы жайлоого барды деп ойлоп калышыптыр.

– ***Студент болуу силер үчүн эмне?***

– Жакшы суроо болду. Студент болуу биз үчүн сыймык! Анткени студент боло албаган, студенттик доорду башынан өткөрбөгөндөр да бар. "Студент" деген сөздү которгондо "изденүүчү" деп которулат эмеспи. Өзү айтып тургандай эле студенттик кезде изденииш керек. Жаш мезгилде окууга, ойноп-күлгөнгө баарына жетишиш керек. Жашоонун кызыгы студенттик күндөрдө деп коюшат эмеспи. Мына ушул студенттик доорду жакшы деңгээлде өткөрүшүбүзгө бардык шарттарды түзүп берип жаткан ОшМУга терең ыраазычылык билдиребиз! Ошондой эле, учурдан пайдаланып ОшМУнун 85 жылдык маарекеси менен баардыгыңыздарды чын жүрөктөн куттуктап кетебиз!

– **Маек үчүн чоң рахмат, окууңарга ийгилик!**

– Сиздерге да ыраазычылык билдиребиз! Таалыкпай эмгектене бериңиздер!





## Эгиздер жөнүндө кызыктар

- **Эки башка атадан болгон эгиздер да кезигет. Бул илимде гетеропатернальная суперфекундация деп аталат.**
- **Кээде эгиздерди туулган күнү эки башка болуп, төрөт жаңы жыл күнгө туш келгенде жылдары да эки башка болгон учурлар кездешет.**
- **Эгиздердин ДНКсы окшош болгондуктан, эгер бирөөсү кылмыш кылса, кайсы бири кылгандыгын тактай албай, экөөнү тең камабаган учурлар бар.**
- **Эгиздердин ортосунда өзгөчө байланыш болот жана ал бири-биринде болуп жаткан эмоцияларды сезүү мумкүнчүлүгүн берет.**
- **Сүт азыктарын өтө көп өлчөмдө пайдалануу дагы эгиз балалуу болуу мүмкүнчүлүгүн арттырат деген маалыматтар бар.**
- **Түндүк Америка жана Африкада дүйнөнүн башка бөлүктөрүнө салыштырмалуу эгиздер көп төрөлөт. Мунун башкы себеби болуп калктын генетикалык факторлору жана тамактануу эрежелери эсептелет.**
- **Эгиздердин эң аз төрөлүүсү Кытайда катталат. Эң негизги себеби курчап турган чөйрөнүн булганышы.**
- **Эгиздер жөнөкөй адамдарга салыштырмалуу 20-50%га узак өмүр сүрүшөт.**
- **Криптофазия – бул эгиздердин өз ара тили.**

**Эльнура Кудайбердиева**

# 85 ЖЫЛДЫК МААРАКЕҢ КУТ БОЛСУН, ОшМУ!


## Бекболсун Сатыбаев: *"ОшМУ мындан да чоң ийгиликтерди жаратышына бөркүмдөй ишенем"*



Мен, Сатыбаев Бекболсун Жаныбекович, Баткен районуна караштуу алыскы жана тоолуу Рават айылынын тургунумун. 2018-жылы, тагыраагы 9-классты бүткөнүмдө, мектепти толук аяктабастан окууга тапшырууну туура көрдүм. Алгач таятам, тагам доктор болгондуктан мен да алардын жолун жолдоп, тиш доктор болууну кыялдандым. Түз эле борбор калааны көздөй барып, бирок тилегимди таш каап, медициналык колледж жабылып калыптыр. Кайра өз айылыма келдим. Апам жана чоң энем: "Эми сен уурулук кылдың беле, эч нерсе болбогондой айылда окууңду улант", - дешти. А менин болсо көгөргөнүм көгөргөн. Жок, мен классташтарыма окуйм дегем, ал эми экинчиси жан дүйнөм бир өзгөрүүнү талап кылып туруп алганы себеп болуп, эң акыркы турда ОшМУнун Эл аралык мамилелер факультетинин Чыгыш таануу бөлүмүнө тапшырдым.

Эсимде, жолдо келе жатып, ар кайсы жактан студенттер келет, баары күчтүү болсо, а менин абалым, деңгээлим кандай болот деген санаа менен жол карап берекелүү Ош шаарына кирип келдим. Мына ошентип, студенттик алтын доорум башталды. Күн сайын таң калуулар, жаңы чөйрө, шаар, окуу жай, квартира ж.б. Ош шаары жана Ош мамлекеттик университети мага көп нерсени берди. ОшМУда окуп, жаңы жана өзгөчө билим, көп кырдуу, бир сырдуу досторду, ар тараптуу дасыккан мугалимдерди, устаттарды таптым. Аны менен катар, академиялык мобилдүүлүк программасы аркылуу Түркия Республикасында бир семестрдик билим алууга жетиштим. Бул өлкөдөгү өзгөчөлүк, адамдар бири-бири менен иши жок. ОшМУ менен айырмасы болсо, өзгөчө билим берүү программасы жана системасы. Анан да түрдүү форматтагы аудиториялар. Мугалимдердин квалификациялык деңгээли менен да айырмаланып турат. Чет өлкөдө билим менен бирге, түрк элинин маданиятын, тарыхын, өзгөчөлүктөрүн көрүп, үйрөнүүгө мыкты шарт түзүлдү. Студент кезден тартып жаным жай албайт. Ар кайсы жактан өзүмдү сынап көрүүгө жетиштим. Ал арада, ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин жана эң чоң суммадагы стипендиялардын катарын толуктаган "Атуулдук стипендиянын" лауреаты болуу ата-энем, туугандарыма чоң сыймык болду. А мага болсо чоң жоопкерчилик. Кайсыл чөйрөгө кошулбайын, ар дайым алдыда болууга, лидер болууга, тырышып келдим. Жаштар саясаты багытында ОшМУда эле эмес Ош шаарынын жаштарынын арасында өз ордумду таптым. Шаардык, райондук иш-чаралар менен гана чектелбестен, эл аралык саммиттер, жаштар форумдарына катышып, сөз сүйлөп келе жатам. Андан сырткары, жаштар комитетинин катардагы мүчөдөн тартып төрагасы болууга үлгүрдүм. Айтор, ушул жана башка жетишкендиктерим Даңк ордендүү Ош мамлекеттик университетинин арты менен болду деп баш көтөрүп айта алам. Ал эми азыркы учурда болсо ОшМУнун Чыгыш таануу институтунда дипломатия багытында билим алып келүүдөмүн. Институт жаш экендигине карабастан, жыл ичинде кыргыздын аттуу-баштуу дипломат, саясатчы, коомдук ишмерлери менен түз байланыш жаратып берди. Алар: Өмүрбек Текебаев; Чыңгыз Айдарбеков; Сүйүнбай Касмамбетов өңдүү залкар инсандар болду. Бул бизди максатыбызга жетүүгө дагы да чоң ишеним жаратты. ОшМУ мага көп нерсени берип, келечекке даярдады! Экинчи үйүмдүн (Ош мамлекеттик университетинин) 85 жылдык мааракеси кут болсун! Мындан да чоң ийгиликтерди жаратышына бөркүмдөй ишенем жана колдон келген жардамымды берүүгө даярмын!

## Бүайша Тилебалдыева: *"ОшМУ дүйнөнүн эң алдыңкы окуу жайларынын сап башында турушуна тилектешмин!"*



Мен, Бүайша Тилебалдыева, азыркы учурда Ош мамлекеттик университетинин Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун 3-курсунун студентимин.

Билим – акыл адам баласына ыйгарылган өзгөчө бир дөөлөт эмеспи, мен дагы мыкты билим алууну көздөп жүргөн чагымда менин тандоом Ош мамлекеттик университети болгон жана бул тандоодон адашпагам деп айта алам. Бул жактан жаңы чөйрө таптым, жаңы ачылыштарга туш болдум, көп мүмкүнчүлүктөрдү ачып берди. Буга чейин академиялык мобилдүүлүк программасы менен чет жакка чыгып окуп келүү мүмкүнчүлүгү бар экендигин билчүмүн, бирок 3-курска чейин аракет кылбаптырмын. Быйылкы окуу жылында Өзбекстан республикасынын Фергана мамлекеттик университетине академиялык мобилдүүлүк боюнча барып келдим. Фергана мамлекеттик университети Өзбекстандын алдыңкы жогорку окуу жайларынын бири болуп саналат. Материалдык базасы бекем университет катары 70 жылдан ашык убакыттан бери эл чарбасынын ар кыл тармактары жана билим берүү системасы үчүн жогорку квалификациялуу адистерди даярдап, фундаменталдык багытта илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп келет. Эки окуу жайдын ортосунда албетте бир аз айырмачылыктар бар экен. Ал жакта эң биринчи эле 98% студенттер өзбек тилинде, болгондо дагы Фергана диалектисинде сүйлөшөт экен. Окуу программасында да өзгөчөлүктөрү көп. Студенттер үчүн бардык шарттар түзүлгөн жана да мугалимдери кичи пейил, меймандос экен. Мындан кийин дагы да башка чет жакка чыгып окуп келсем деп турам.

Мен ОшМУда окуп жатканыма сыймыктанам. Жалпы бул окуу жайда билим берип жаткан мугалимдер жамаатына ыраазычылык билдирем. Ош мамлекеттик университети дайым дүйнөгө эшик ачуучу мүмкүнчүлүктөр ачкычы, билимдин булагы болуп, мындан ары дагы кылымдар бою өнүгүп өсүшүнө, дүйнөнүн эң алдыңкы окуу жайларынын сап башында турушуна чын жүрөктөн тилектешмин! ОшМУнун 85 жылдык мааракеси менен чын жүрөктөн куттуктаймын!

**Малика Токтосунова**

# СИРЕНЬ ГҮЛҮ

Сирень гүлү жаздын символдорунун бири болуп эсептелет. Ар бир адам сирень жөнүндө билет. Сирендин аңкыган жыпар жытын эч нерсе менен салыштырууга болбойт, ал ушунчалык өзгөчө таанымал, жана уникалдуу. Гүлдүн жалбырактарынын курамында эфир майы сыяктуу пайдалуу заттар бар. Сирендин гүлдөрү түрдүү түстөрдө ак түстөн баштап кызгылт көк, кызгылт, көк жана башка түстөрдө гүлдөйт. Буга чейин сирень жөнүндө сүйүү ырлары жазылып, өзгөчө майрамдарда гүлдесте катары берилип келген. Гүлдөрдүн тилинде сирень түбөлүк сүйүүнүн символу. Ошондуктан кээ бир өлкөлөрдө үйлөнүү үлпөт тойду ак сирень менен кооздоо адатка айланган. Сирень назиктиктин жана тазалыктын символу катары да эсептелинет. Азыркы күнгө чейин сирень өз популярдуулугун жоготпой келет.

Япон элинде сирень жаздын башталышы, аялдык сулуулуктун жана жаштыктын символу катары эсептелинет. Биз сиренди позитивдүү эмоциялардын жана кубанычтын булагы катары эсептейбиз, бирок бардык эле өлкөлөр ага мындай мамиле жасашпайт. Мисалы, британдыктар сирень гүлүн бактысыздыктын гүлү деп эсептешет, эмне үчүн экени белгисиз. Британиялыктарда ал тургай сирень көтөрүп жүрсөңүз, нике шакегин такпайсыз, башкача айтканда, үй-бүлө кура албайсыз деген ишеним бар. Англияда эгер кыз жигиттен баш тартса, ага сирень гүлүнүн бир бутагын жиберчү, бул көрүнүш ал жигитке турмушка чыгуудан баш тартканканын түшүндүрөт. Дүйнө жүзү боюнча сирендин 20 дан ашуун түрлөрү бар. Айрымдарына токтоло кетели.

## АМУР СИРЕНИ



Сирендин бул түрүнүн мекени -Ыраакы Чыгыш, Кытай жана Корея. Жапайы жаратылышта кеңири таралган. Бийиктиги 20 метрге чейин өсөт. Жазында жалбырагынын түсү жашыл, жайында бай жашыл, ал эми күзүндө жалбырактары кызгылт же алтын түскө айланат. Кош ак гүлдөрү балдын жытындай болот. Россиянын борбордук бөлүгүндө гүлдөө мезгили май айында башталат жана июлга чейин созулат. Бадалдардын башка сортторy сыяктуу эле, суукка жана кургак мезгилге чыдамдуу өсүмдүк.

## МЕЙЕР СИРЕНИ




Мейер сиренинин бийиктиги 180смдан ашпаган чакан жалбырактуу бадал. Жалбырактары кең, үстү сүйрү, узундугу 2-4 смга чейин. Жалбырактары жогоруда караңгы, ылдыйда жарык. Кызгылт, кызгылт көк түстөрдө гүлдөйт, гүлдөрдүн узундугу 10смга жетет. Бул сиренди башкалардан эки нерсе айырмалаган өзгөчөлүгү бар: эки жолу гүлдөйт. Биринчи гүлдөө мезгили май-июнь айларында; экинчиси - август-сентябрда. Эң белгилүү сортторунун бири - Палибин.

## ПРЕСТОН СИРЕНИ



Престон сирени Канада сирени болуп саналат. Ал чөгүп кеткен жана түктүү сирень гүлдөрүн өстүрүү менен иштелип чыккан. Бийиктиги 4 м ге чейин жетет. Кеч гүлдөйт, гүлдүн жалбырактары жапжашыл, бирок куурап калгандай көрүнөт. Кызгылт же ачык кызгылт түсдө гүл ачат.

## ГИАЦИНТ СИРЕНИ



Гиацинт сирени кадимки жана жазы жалбырактуу сирень гүлүнүн гибриди. Бул гибриддин негизинде бир нече сорттор тандалып алынган. Жалбырактары жүрөк сымал кочкул жашыл, күзүндө күрөң же кызгылт көк түскө айланат. Гиацинт сиренасы майдын биринчи жарымында гүлдөйт, чоң гүлдөр компакттуу паникулаларга чогултулат.

**Малика Токтосунова**



# МЕН СТУДЕНТМИН

Студент – бул өмүрүнүн эң кызыктуу, маанилүү жана шаңдуу мүнөттөрүн окууга да, жумушка да арнап жашап жаткан адам десек болот. Себеби бул куракта жаш студент – жаңы чөйрөгө аралашып, жаңы досторду таап, жаңыча ой жүгүртө баштайт. Дүйнө таанымы кеңеет. Дагы да мыкты максаттарды коюп, ага карай жол салат. Өз келечегин курат. Дал ушундай аракетчил студенттердин бири Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 4-курсунун студенти Мырзагүл Дыйканбай кызы "Мен студентмин" программасынын кезектеги коногу болду. Мында биз студенттердин жетишкендиктери, окуудагы ийгиликтери жөнүндө сөз кылабыз.

***– Саламатсызбы?***

–Саламатчылык!

***–Мырзагүл Дыйканбай кызы ким?***

Мырзагүл Дыйканбай кызы Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 4-курсунун студенти жана ОсОО "Алайку органикс" өндүрүштүк компаниясында рекрут-менеджер болуп иштейт.

***–Бул факультетке кантип тапшырып калдыңыз?***

–Биз окууга тапшырып жаткан учурда карантин болчу, үйдөгүлөр менен кеңешип ушул окууга тапшыралы деп 1-2 факультетке сунуш түшкөн. Анан атам ушул жакка тапшыр, кыйналбайсың деп айткандан кийин апам менен келип, факультет боюнча маалымат алып, окууга тапшырып кеткенмин. Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетине тапшырып көп жетишкендиктерге жетиштим, көп жакшы күндөрүмө ушул факультет себепчи болду, өкүнбөйм.

***–4 жыл ичинде кандай жетишкендиктерге жеттиңиз?***

– Биз биринчи карантин убагында окуп баштаганбыз. Ошол учурда мен ата-энем, бир туугандарым менен кеңешип, шаарга келип оратордук чеберчилик курска окудум. Ал жакты бүтүп, студияларда кабарчыалып баруучу болуп иштеп, тажрыйба топтоп жүрдүм. Андан кийин өзүм медицина тармагына да кызыккандыктанбы медициналык курска жазылып, медицина боюнча билим алдым. Азыр жашоомдо өтө чоң пайдасын берип жатат, шүгүр. Жакындарым ооруп калса эле келип укол сайып кет деп калышат, укол сайып берем. Колуң жеңил экен деп сүйүнтүп коюшат.




2-курсумда ОшМУнун инстаграм баракчасынан мобилдүүлүк боюнча окуп калып, шарт эле барып катталып, документ тапшырып Мирзо Улугбек атындагы Узбекистан университетинен билим алып келдим. Узбекистан бизге салыштырмалуу бир топ өнүккөндүктөн, жаңы маалыматтарды ала алдык. 1-курска келгенден тартып эле, жакшы чөйрөнү издеп, кошулганга аракет кылдым. Активисттердин катарында жүрдүм. 2021-жылы Кыргызстандын топ – 100 мыкты студенттеринин катарына кирдим. Ар тараптуу онлайн сабактарга да катышып, сертификат, ыраазычылык каттарды алып жүрдүк.

Ош шаарынын мэриясынын алдындагы жаштар комитетинин жаштар парламентинде активист болуп жүрдүм. Барсаң эле жалаң изденген, кыйын адамдар. Аларды көрүп, сен да жанданасың, өнөр үйрөнөт экенсиң. Чөйрө таасир этет дегенине ошондо толук ынангамын. Көп аракеттердин натыйжасында Германияга барып келдим, Жылдын мыкты студент айымы – 2023 наамын алдым. Жаштар парламенти 5 окуу долбоорун аяктагандан кийин Жаш депутат төш белгисин алгам. Адам качан гана изденгенде, бир орунда олтура бербей, кыймылдаганда гана жыйынтык болоруна көзүм жетти. Негизи адам өжөр болуш керек, ошол нерсеге качан гана ишенип анан майда болсо да, аракетти токтотпогондо жыйынтык болот экен. Студенттик күндөрүмдөгү жетишкендиктериме ар дайым колдоп турган ата-энем, бир туугандарым, жакындарыма




ыраазычылык билдирем. Студенттик күн дегенде эң сонун көз ирмемдерди эстейм деп ишенем буюрса.

***–Эң чоң кыял же максатыңыз?***

–Эң чоң кыял же максатым, окуумду ийгиликтүү аяктап, өзүмдүн кызыккан тармагымда иш алып баруу, жаңы нерселерди үйрөнүү, саякаттоону кыялданып жүрөм.

***– 1-курстарга жана абитуриенттерге кандай кеңеш бересиз?***

–Абитуриенттерге жана 1-курстарга айтарым, эч качан токтобогула. Азыркы учурда чыныгы билимдүүлөрдүн убагы келди. Эч кандай таанышы жок өзүңдүн билимиң, аракетиң менен көп бийиктиктерге жете турган убакыт. Изденгиле, студенттик күндөрдү эстегенде жөн эле уктап, окууга эптеп барып келгенди эмес, жакшы адамдар менен жакшы иштерде жүргөндү, кызыктуу күндөрдү эстей турган болгула. Студенттик күндөрдө бардык нерсеге жетишсе болот. Бардык студенттерге ийгилик каалайм!

***– Маек үчүн рахмат, ийгиликтериңиз арта берсин!***

– Сиздерге да рахмат, бар болуңуздар!

**С. Маматкары уулу**

# КЫСКА АҢГЕМЕЛЕР

## ӨМҮР

Киши көзү чылк жумулуп, керең чексиздикте жатты. Анын актык деми бүтүп, кылдын учунда турду.

Сен кимсиң?! - деди киши, чочугандай. Анын жанында, бир-эки кадам арыда, кексе, ак сакалдуу, жүзүн бубак баскан чал турду.

Мен Чындыкмын, — деди чал.

Чындык, - Киши таң кала суроо узатты. Мен сени чакырган жокмун.

Мени чакырбайт, мени издейт... Өмүр бою - деди чал. Эч бир жан табалбайт...

А, мен сени издегемин, акыры таптым деп сүйүнгөмүн, — деди киши. Мен сени тапкамын... өзүм издеген Чындыкты тапкамын...

Мениби? - деди чал.

Сени... - Киши үн катты. Ооба, сени... чындыкты...

Мени, таптым деген күнү, - деди чал. Сен мени таптакыр жоготконсуң... ошол күнү жоголгомун... Чал бир паска тунжурады. Бүгүн сага Чындык кандай болорун... көрүп койсун деп гана алдыңа келдим... Мен эч кимдин алдына барбайм, бирок мага барганга, мени тапканга жол кезип, азап чегип, дүйнөнү түгөл айлангандар да мага жетпейт...

Чындыкмын деген чалдын үнү угулбай калды. Аны киши сезди.

Кишинин көзүн кайрадан чылк караңгылык каптады. Ошол караңгылыкты күн нурундай жиреп, анын алдына сулуу, ажарлуу аял келди.

Сен, кимсиң?- деди киши таңдана. - Кимсиң?..

Менби? - деди аял. Мен Ажалмын...

Ажал?.. Ажал ушунча жомоктогудай сулуу болобу? - деди киши.- Мен ажалдан

кутулгамын, ажалды жеңдим дегемин...

Сен ажалдан кутулдум деген күнү, мен сенин үйүңө келгемин, — деди аял. Менден эч ким кутула албайт. Өлүм ак, ажал ак. Актан эч ким качып кутулган эмес...- деди аял. Кеттик, менин артымдан эрчи. Мен сени алып кеткени келдим...

-Ажал ушунчалык сулуу болобу, мен эч качан Ажал сулуу болот деп ойлогон эмесмин - деди киши таң калганынан жазбай. Өмүрчү, Өмүр кандай болот? Сенин алдыңан Өмүр чыкты беле, анын жүзүн көрдүң беле? Жалбаргандай сурады киши.

-Өмүрбү?.. Мен аны көргөн эмесмин, таптакыр көргөн эмесмин,- деди аял. Билгеним ал... Чындык менен Ажалдын ортосунда жашайт...

Кишинин жаны үзүлдү... Чындыкка баш урду...

## ТУЯК

Тепкедей айылдын ортосундагы үйдөн ый чыкты. Бектур аксакалдын кыздары биринин артынан бири "атакелеп" кошок айтып жатты. Сербейген жигит гана элдин караанын көрүнгөндө бөйрөгүн таянып: "Атам ой!", "Атам ой!" деп өкүрүп калат.

Бектур чал беш кыз көрүп, бешөө тең очор- бачар түтүн булатып калган кезде кемпиринен ажыраган. Артынан бир да эркек аттуу калбады.

Мынабу, "атам ой" деп боздоп турган бала ким, Марзыя?- деп шыпшынды, берирээк жерде отурган кемпир. Бектурдун уул баласы жок эле, ким болуп кетти экен? - Ал жанында отурган кемпирге ээк какты.

Бу бала Бектур аванын аталаш туугандарынын баласы, авамдын кыздарында да эркек жок, — деди Марзыя. Бектур авам да тукумун сыйлап, кемпири өткөндөн кийин төшөк жаңыртып алса болмок, жарыктык киши... Азыр туягы турмак "атакелеп"... Кемпир Марзыянын сөзүн туура көргөндөй, акырын баш ийкеди.

Кайран Бектур... ушу жадесе бирөөнүн босогосун атап койсо болмок экен, деди кемпир шыпшына. Туяк калмак артында...

* * *

Чолок көчөдө акырын Кемпир жер карап жай баратты. Анын эсине баягы жылдары ушу Бектур чалдын окуясы эске түштү... Күйөөдөн жалгыз, үйдө эркексиз калганда кайран Бектур бу аялдын "босогосун" аттамак болгон.

Шондо ал "менде күйөө болбосо да, аялдык намысым бийик мага" деп, Бектурдун артынан эшикти катуу жапкан.

Аны азыр эстеп баратты... Негедир көзүнөн ысык илеп тээп чыкты, деми муунду. Көз жаштай кулап өмүр өтүп кеткенин эми сезгендей болду.

**Автор: Султан Раев**

# ЖАШ ИЛИМПОЗ

*Билим - деңиз, акыл - кайык. Адам канчалык билим алууга умтулса, анын акылы ага жеткирүүгө жардам берет. Студент да билим деңизинде ээн-эркин сүзүп жүрүүсү үчүн талыкпай окуп, изденүүши жана өзүнүн үстүндө иштөөсү зарыл. Бул үчүн курстук иш, доклад, реферат жана макала жазуу мыкты мисал боло алат. А дегенде макала деген эмне? Макала - журналистикадагы негизги жанрлардын бири. Макала маанилүү көрүнүштү аңдап чыгып, анализ кылат; кайсы бир коомдук мааниси бар көз караштьı же идеяны ырастай турган далилдерди жалпылап, корутунду чыгарат. А биз сиздерге Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун ГД(б)-1-21 тайпасынын студентти Майрам Шарип кызынын илимий макаласын тартуулайбыз.*



# ТАРБИЯ БАШАТЫ – ҮЙ-БҮЛӨ САЛТТУУ ТАРБИЯ

**Аннотация:** Тарбия – үй-бүлөдөн башталат. Үй-бүлөдөгү таалим-тарбия баланын келечегин аныктоо менен коомдун жана өлкөнүн өнүгүүсүнө түз таасир этүүчү жараян. Үй-бүлөдө адептик баалуулуктар муундан-муунга өтүп келе жаткан ишенимдердин, үрп-адаттардын жана принциптердин жыйындысы болуп эсептелет. Балдарды турмушка даярдоо – үй-бүлө системасынын негизги максаты. Салттуу тарбия жараянында кыргыздарда макал-лакаптар элдин эмпирикалык тажрыйбасы катары кабылданып колдонулуп келет. Мындан улам кыргыздар балдарына «Адеп башаты – тил» деп баланы кичине кезинен эле нускалуу сөздөр менен тарбиялап, сезимдерине сиңирип келген. Салттуу кыргыз үй-бүлө системасында баланы тарбиялоо жар тандоо менен башталат.

**Ачкыч сөздөр:** үй-бүлө, ата-эне, бала, тарбия, баалуулук, нарктуулук, жараян, салт, эл, өлкө.

Баалуулуктар – бул адам жашоо-турмушунун багыттарын аныктоочу жана багыттоочу руханий күч болуп саналат. Баалуулук – көп мааниге ээ болгон кеңири түшүнүк. Оң мааниде жакшы, терс мааниде жаман деп, колдонулган тармактарга карата түрдүү маанилерде колдонулат. Кээде жакшы, ылайыктуу, көздөлгөн жана баалуу предметтерге (акча, кымбат буюм, атак, күч, ийгилик ж.б.) карата колдонулса, кээ бир учурда адамдарга нарктуу жана алар үчүн маанилүү деп эсептелген ишенимдерди өз ичине камтыйт [1]. Мындан сырткары, баалуулук түшүнүгү кээде жакшы деп эсептелген конкреттүү иш-аракет үчүн, кээде жакшы жана кооз деп абстрактуу өзгөчөлүгүнө карата да колдонулат. Бүгүн салттуу коомдук түзүлүштөгү баалуулуктар, адеп-ахлак нормалары, жүрүм-турум эрежелери күн өткөн сайын өзгөрүүлөргө учурап, өткөн доордогу баалуулуктар өз маанисин жогото баштаган. Мындай ыкчам өзгөрүү адамдар ортосундагы өз ара алака түзүүнү татаалдаштыруу менен баалуулуктардын кагылышуусуна алып келүүдө. Натыйжада социалдык өзгөрүүлөр коомдо баалуулуктардын каатчылыгын шарттоосу руханий жана адептик баалуулуктар таалим-тарбиясынын олуттуулугун айгинелеп олтурат. Ааламдашуу алкагында эркин соода жүргүзүү, байланыш каттамдардын көбөйүүсү, туризм жана байланыш каражаттарындагы өнүгүп-өзгөрүүлөр салты, дини, тили жана маданияты ар башка болгон элдердин бир чөйрөдө жанаша, бири-бири менен тыгыз байланышта жашоосун шарттады. Натыйжада, салттуу коомдун ордуна ачык жана көп маданияттуу коомдук түзүлүш кеңири жайылууда. Коомдо ар түрдүү маданияттардын көбөйүүсүнүн натыйжасында, кайсы баалуулуктун туура жана маанилүү экендиги талаш маселеге айланды. Мындай абалда өспүрүмдөргө салттуу баалуулуктарды калыптандыруу жараянын ишке ашыруу бир кыйла татаалдашууда. Үй-бүлөдө адептик тарбия баланын коомдо өзүн алып жүрүү маданиятын, курчап турган адамдар менен туура мамиле түзүүнү үйрөтөт. Адептик тарбиялоо адамдык баалуулуктарды жана жүрүм-турумду калыптандыруу алкагында жүргүзүлөт. Адептик нормаларга чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдүк, жоопкерчилик, абийирдүүлүк, уяттуулук, гумандуулук, тартиптүүлүк, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, эмгектенүүнү сүйүү жана ошондой патриоттуулук, ата мекенди сүйүү, мыйзамдуулукту сактоо, атуулдук милдетти так аткаруу, кайрымдуулук жана башка ушул сыяктуу адептик баалуулуктар кирет. Адептүүлүк инсандын калыптанышынын эң баалуу көрсөткүчү катары байыртадан бери эле олуттуу кабылданып келген. Мына ошондуктан үй-бүлөдө адептик баалуулуктарды калыптандыруу дагы бир жолу өзүнүн актуалдуулугун көрсөтүүдө. Тарбия башаты – үй-бүлө. Үй-бүлө кыргыз элинде коомдун пайдубалын түзүп, ага чоң маани берилет. Үй-бүлө – бул маданий-тарыхый жана социалдык-психологиялык чөйрө, баланын турмуш мектеби. Ал эми бала үй-бүлөнү бекем сактап турган фактор. Адамдын жашоосу бала менен тыгыз байланышкан. Бала – бул өмүр, адамдын жашоосунун уландысы жана жашоо уюткусу болуп саналат. Ошондуктан бала үй-бүлөнүн тиреги, туткасы, ата-энелердин гана эмес бүтүндөй журттун артында из калтырып өлбөстүгүнүн, өсүп-өнүгүшүнүн шарты катары кабылданат. Үй-бүлөнүн балалуу болуп, аны чоңойтуу, эрезеге жеткирүү, тарбиялоо адам баласындагы негизги жоопкерчиликтүү милдет. Кыргыз эли илгертеден эле үй-бүлөлүк тарбияга чоң маани берип келишкен. Ата-эне баланын биринчи тарбиячылары жана өмүрлүк устаты. Баланын келечеги, билими, маданияты, жүрүм-туруму дагы ата-эненин сиңирген эмгегине, таалим-тарбия берүүсүнө байланыштуу болот. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балага мамиле - аны туура тарбиялоо менен байланышат [5].

Педагогика гректин «педагогос» – баланы ээрчитип (алып, жетелеп, баштап) жүрүүчү деген сөзүнөн келип чыккан. Кыргызчага азыркы так маанисин которсок: педагогика – тарбия жөнүндөгү илим [5].

Тарбия инсаниеттын түбөлүк камы, анткени адам баласы жаралып дүйнөгө келген учурдан баштап эле тарбияга жана тарбиячыга өтө муктаж. Ал тарбиячысыз өсүп жетилмек тургай жөнөкөй эле жашап турууга да жөндөмсүз. Тарбиянын жана тарбиячынын жардамы менен ал акырындап денеси чыңалып чоңоёт, акылы жетилип, бойго жетет, инсанга айланат.

Тарбия үй-бүлөдө жана атайын коомдук мекемелерде ишке ашырылуучу максатка ылайык жараян. Бул жараян же коомдун жалпы кызыкчылыгын камсыз кылуу үчүн, же

(Уландысы кийинки бетте)



коомдогу айрым топтордун кызыкчылыгын камсыз кылуу үчүн, биринчиден, жаш муундардын рухий жана дене жагынан өсүп жетилүүсүн, экинчиден, алардын жүрүш-туруш эреже нормаларын белгилүү нукка сала турган көз караштарынын, коомдук ишенимдеринин калыптануусун, үчүнчүдөн, алардын коомдук өндүрүшкө жана коомдук турмушка бул же тигил формадагы даярдыгы менен катышуусун камсыз кылат. Демек, тарбия инсандын калыптануусун уюштуруу жана башкаруу жараяны болуп эсептелет.

Кыргыз элинин «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген макалы бар. Ал жөн эле жеринен айтылган эмес. Уя – бул үй-бүлө. Уясынан алган көнүмүш таалим-тарбия баланын жан-жаратылышына өчпөс тамга болуп басылып, аны өмүр бою коштоп жүрүп отурат. Баланын физикалык өсүшү жана аң-сезиминин калыптанышы, жан дүйнөсүнүн руханий пайдубалы алгач дал ушул үй-бүлөдө түптөлөт. Кыргыз элинде баланы тарбиялоо жөнүндө бөтөнчө өзгөчөлүктөр бар. Кыргыз элинде макал-лакаптар байыркы замандан тартып эл оозунда жашап, ар дайым келечек муундарга таалим-тарбия берип келет. Үй-бүлөдөгү бала тарбиясында улуттук салттар, элдик оозеки чыгармалардагы педагогикалык үлгүлөр, макал-лакаптардын ролу чоң мааниге ээ. Макал-лакаптар дайыма кеңеш берип, жол көрсөтүү менен педагогикалык идеяны камтып үйрөтүүчүлүк таасири бар. Нечен кылымдар бою келаткан ата-бабанын акыл-насаат сөздөрү болгон макал-лакаптар, салт-санаасы, үрп-адаттары жана элдин улуттук маданияты тарбиянын түгөнбөс куралы катары колдонулуп келет.

## Бала тарбиялоодогу үй-бүлөнүн ролу жана милдеттери

Баланы үй-бүлө ал төрөлгөн күнүнөн баштап эле тарбиялайт. Эненин карап, эмизип, режим сактоосу, ага жасаган мамилеси бөбөктүн биринчи адаттарынын калыптануусуна таасир тийгизет. Үй-бүлөдөгү бардык адамдар анын тарбиячысы. Алардын ар биринин жүрүш-турушу бөбөктүн көңүлүн бурат, анын инсан катары өсүшүнө өбөлгө түзөт. Үй-бүлөдөгү туура уюштурулган тарбиянын негизги шарттарынын бири – балдарга жекече мамиле жасоо. Алсак, кыймылдоосу акырын, флегматисттик мүнөздөгү балдарды батыраак реакция жасоого, тескерисинче тез ачууланып, шашма кыймылдуу балдарды токтороок, реакцияны акырындатууга үйрөтүү шарт.

Баланын окуусу жана коомдук пайдалуу эмгекке катышуусу анын үй-бүлөнүн тиричилик турмушунда активдүүлүк көрсөтүп, белгилүү милдет аткарып, эмгектенүүсүнүн туура айкалышуусун талап кылат. Окуучу үй-бүлөнүн жамаатынын жалпы эмгегинде өзүнүн үлүшү болууга тийиш экендигин дайыма эсинен чыгарбоосу керек. Ал үй-бүлөдөгү бардык адамдардын, алардын ичинде өзүнүн да укугун жана милдеттерин аңдап сезүүсү лазым. Кээ бир үй-бүлөдө баланы бардык милдеттеринен бошотуп, өзүнүн талаптары жөнүндө гана кам көрүүсүнө анын көңүлүн бурушат. Андай балдар үй-бүлөдөгү милдеттерин таптакыр унутуп, жалкоо, орой, эгоист болуп чоңоюшат. Мунун негизги себеби ата-энелердин бактылуу балалык жөнүндөгү туура эмес түшүнүгү.

Ата-эне балдардын талап жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, жашоо үчүн зарыл ишмердүүлүктүн көп түрлөрүнө өспүрүмдөрдү үйрөтүүсү керек.

Кечөдө болобу, дасторкондун үстүндө болобу жаштардын жосунсуз жоругуна күбө болуп калган шартта карыялар аларды тыйып, ыйман, адепке чакырып, эскертүү жасоого акылуу болгон. Балдар алардын кеңешин кыңк этпей аткарышкан. Х. Карасаев: «Карыялар айланасында ойноп жаткан балдардын кээ бири тентектик кылса, дароо ага акыл айтып, тил албаса, урушуп койчу. Дегеле бир жерден тентекти көрсө, аны чакырып алып, акыл сөзүн айтчу. Кимдин баласы экендигине чейин сурачу. Ошондуктан кары адамдын көзүнчө балдар тентектик кылышчу эмес» [1].

Элдик педагогика тарбиялоонун мажбурлоо, жазалоо, уяткаруу, тыюу салуу, күнөөлөө сыяктуу методдорун да көз жаздымда калтырган эмес. Элде жосунсуз жоруктар менен татыксыз жүрүм-турумдар оозеки формада айтылган. Кээ бир бейадеп кыздарга карата «Бул кыз эне көргөнбү» же балдарга карата «Ата көрбөгөн бала окшойт» деген баалардын берилиши алардын ошол тарбиясындагы бир кенемтени көрсөтүп берип атат. Мындай айыптоолор бала өз күнөөсү менен жаңылыштыгын сезди, эми аларды кайталабайт деген ишенимдер менен коштолот. Уяткаруу ата-эне тарабынан сейрек колдонулса да, алдын алуунун тарбиялык иш-чарасы катары элдик педагогикада өзөктүү орунду ээлеген [5].

**Корутунду**

Кыргыздарда үй-бүлөдө адептик баалуулуктарды калыптандыруу жараяны болочок ата-эне болуучу жарды тандоо менен башталат десек аша чапкан болбойт. Анткени куда күтүүдө алгач келин же күйөө баланын тегин суроо, санжыраны билүү чоң мааниге ээ. Тагыраак айтканда, жети атасын билүү, мында бир гана тарых менен чектелбестен, «уядан эмнени көрсө ошону алат» дегендей болочок балдарды тарбиялоочу ата-эненин теги, нарк-насилдүү, адеп тарбиясына да көңүл бурулган. Уруусундагы бир жетишкендик урпагына позитивдүүлүк тартууласа, уруусундагы кемтик, өксүк сыяктуу терс көрүнүштөр да урпагына лакап болуп, андан тарагандар да осол болуп, сөзгө калышкан. Мына ошондон жети ата феномени салттуу тарбияда адептик баалуулуктардын ордү талашсыз экендигин тастыктайт. Салттуу тарбиялоо жараянында эркек балдарга адептик баалуулуктарды «эр жигиттик» түшүнүгүндө, кыздарга «кызга кырк үйдөн тыюу» түшүнүгүндө калыптандыруу менен ишке ашып келген. Салттуу тарбия демекчи ата-бабалардан калган нускалуу сөздөр, макал-лакаптар адептик тарбиялоодо элдин эмпирикалык мурасы катары орду жана ролун баса белгилеп өтүү кажет. Мына ошондуктан кыргыздарда «Адеп башаты – тил» деп, адептик тарбиялоодо, негизи эле тарбиялоо жараянында балдарга кичине кезинен бери эле баштап адептүүлүктү кулагына куюп, сезимдерине сиңирип, үзгүлтүксүз жалпы урту тарбиялап келишкендигин айтууга болот. Ошондон улам үй-бүлө мамлекеттин башталышы болуп эсептелет.

**Айзирек Гадаева**

# СЫР-СЫЯ

***Сыр – бул адамдын эч кимге айта албаган сөздөрү, сезимдери. Сиздин да эч кимге айтпаган сырларыңыз бар экени анык. Бирок ошол сыр сиздики экенин эч кимге билгизбестен, элге жарыя кылууга эркиңиз жетет беле? Сыр башка бирөөгө айтылса, сыр болуудан калат да дейт чыгарсыз. Бирок жан дүйнөңүздү уйгу-туйгу кылып жаткан маселени сыртка чыгарсаңыз, башка бирөө окуп алып таасирленсе жакшы нерсе го ээ? Дал ушул маселени чечүү үчүн бизде СЫР-СЫЯ аттуу рубрика ачылды. Мында сиз кимдир бирөөгө айткыңыз келген сөздөрдү, билдире албаган сезимдериңизди жазсаңыз болот. Сиздин ким экендигиңиз анонимдүү түрдө сакталышына кепилдик беребиз.***

***Анда эмесе сиздер үчүн кезектеги сыр катты тартуулайбыз.***



# Бир көз карашы менен башкарып койгон аруу...

*ОшМУнун "Нур" гезитинде "Сыр-сыя" долбоорун бир жакшы инсан сунуштап калып, сага ушул долбоор аркылуу кат жазып жатам. Билем сен бул журналды сөзсүз окуйсуң. Баардык жактан кара тизмедемин бул жакта кара тизме жок экен*

*Сөз башынан болсун. 2021-жыл, жаз айлары болчу, окууга анча деле келбейм. Модуль, сессия башталганда пайда болуп калчу адатым бар. 4-курс болуп өзүбүздү "месный" сезип калганбыз. Балдар менен 1-курстун кыздарынын жүрөгүн багындыруу биздин негизги жумуш.*

*Адатымча окууга келип, бирок кирбей университетин алдындагы отургучта олтурдум, ары-бери өткөндөрдү карап коюп. Бир маалда микрофон кармап бир кыз келди, оператор баланы ээрчитип.*

*- Саламатсызбы, бир-эки суроо берсем жооп бере аласызбы?*

*- Макул*

*- ...*

*-...*

*Бир канча суроо берди да жактырбагандай карап*

*- 4 жылда эмнени үйрөнүп кыйраттың - деди. Таң калдым, азыр эле сиз деп бир жакшына сүйлөп жаткан кыз бир заматта үнүн өктөм чыгарып, кагып киргенине. Сөзүмдү таппай алактап калдым, канча кызды жакшы сүйлөп көңүлүң алып жүргөн мен, ушул кыздын көз карашына сындым да калдым ...*

*Уктасам турсам ошол кыздын "4 жылда эмнени үйрөнүп кыйраттың"- деген сөзү эсимден кетпейт. Бирок, чынында 4 жылда эч нерсени үйрөнгөндөй эмесмин. Бүтүргү курсунда окуп жатсам да бул жөнүндө такыр ойлонбопмун. Маданий иш-чараларга катышып коюп эле ОшМУ жылдызы болуп жүргөн экем. Бир көз караш, бир сөз менен өз ордумду таап олтуруп калдым .*

*Баягы кызды издеп баштадым. Күнүгө университетке келем, көрүнбөйт, журналистика факультетине барып күнгө какталып скамейкада олтурам, чыгып калабы деген үмүт менен. Бир жолу бир тааныш баланын карындашы болорун билип инстаграм баракчасын таптым. Баракчасына күнүгө100 жолу кирип көрүү адат болуп калды. Бир жолу алдынан чыгып*

*- Чай ичип келели. Сен менен сүйлөшүп алчу сөздөр бар десем, жообу шапалак менен бетке чапкандай болду. Бир да жолу мындай жооп алган эмесмин. Мен үчүн бул инсан дагы да сырдуу адам болуп бара жатты...*

*Айтор 1 жылда араң дегенде колум жеткендей болду...*

*Кээде бир адамдан качасың, көргүң келбейт, жек көрүү сезими күч алып, аны жашооңдон чийип салгың келет. Сага жакшы мамиле кылып турса да, чын жүрөгүң менен жактырып, сезимдериңди ача албайсың. Ал адам менен сен оорукчанга айлана баштайсың. Өзүңдү кем сезесиң, "дайыма сулуу болушум керек, арыкташым керек, аз уктап көп окушум керек" деген ойлор курчап алат. Мына ушу жактан "эмоциональные качели" башталат. Атайын кызгандыруу, атайын уруш чыгаруу, болбогон нерсеге сөз талашып урушуу. Бир чети экөөң тең бири-бириңди жакшы көрөсүң, бирок толук бактылуу эмессиң...*

*А кээ бир адам болот: ал менен сен жүргөндө, жүрөгүң тынчтыкта, бейпилдикте. Жакшы жагыман гана көрсүн дебейсиң, кандай болсоң ошондойсуң. Жана сен кандай болсоң, ал сени жактырат, критика айтпайт. Ал менен сен эң тынч ааламда жашайсың, ал ааламда дайыма жаз мезгили өкүм сүргөндөй. Өзүң да гүлгө окшоп, кулпуруп чыгасың. Атайын кызгандырмай, атайын уруш-талаш чыгармай жок. Сезимдериңди билгизсең да, сага анын уяты деле жок. "Өзүн көтөрүү"(гордость) сезими экинчи орунда калат. Сен өзүң деле түшүнбөйсүң, кантип байланып баштаганыңды, ал өзү деле түшүнбөйт... Болгону эки жүрөккө сезим салып, бириктирип аткан Аллахга гана таянасың жана өзүңдү дагы, аны дагы, жашооңдо болуп жаткан нерсенин баарын кабыл аласың. Аллахга тобокел кылып, Ага ишенесиң, кечке ойлонгондун ордуна," демек ушундай болмок болчу" дейсиң...*

*Быйыл магистратураны Түркия мамлекетинде аяктап жатам. Бул жерде окуп, билим алып калуума ошол кыздын көз карашы жана анын мамилеси себеп...*

**Майрам Шарип кызы**


Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН МҮМКҮНЧҮЛҮК ТҮЗГӨН FERIEN JOB ПРОГРАММАСЫ

Учурда жумуш издеп 3 айлык эс алуу убагында Германияга барган студенттердин саны арбууда. Орто жолдо шылуундарга алданып, жумуштан жок, же акчадан жок калгандар да аз эмес. Бул макалада мыйзамдуу түрдө Германияга кантип барууну, кантип иш таап жана жогорку билим алууну, ал жактын жашоо шартына кантип тез көнүүнү университетибизден барып келген студенттерибиз айтып берет.



***Дүйнөлүк тилдер жана маданияты факультетинин 4-курсунун студенти Улукбек Шамидинов:***



Мен, Улукбек Шамшидинов, азыркы учурда Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде 4-курста окуп жатам, быйыл бүтүрүүчүмүн. Мен 2022-жылы FERIEN JOB программасы менен Германияга барып келдим. 85 миң сом акча каражаты кеткен. Германияга барууда ушул документтер керек:

1)Загран поспорт

2) Медстраховка( аябай жардамы тиет, ооруп калсаңар)

3) Окуган жерден справка

4)Транскрипция

5)Каникулярный справка

**Германиянын жакшы жана жаман жактары**

Германиянын жакшы жагы - абдан кооз шаар. Ал жактын адамдары аябай түшүнүктүү, бири-бирине жылмайып сүйлөшөт. Эң негизгиси убакытка так болушат экен, айткан жерине айтылган саатка барбасаң алар иренжип калышат же жумуштан айдап жиберет. Мага ошол сапаттары жакты. Банктык карталарында акча жок болсо да иштей берет, маркеттерге кирип азык-түлүк кылып чыга бересиң, айлыгың түшкөндө алып коёт. Ал эми жакпаган тарабы тамак-аштан кыйналат экенсиң, адал тамак аз, аябай кымбат. Баса белгилеп айта турган жери чиркөө аябай көп, бирок бир да мечит жок.

Барам деп пландап жаткан студенттерге кеңешим: баргыла, эл көргүлө, жер көргүлө, жаңы досторду тапкыла. Эң башкысы эрежелерди бузбай жүрсөңүздөр эч ким эчтеке дебейт. Кыргыздын улуттук буюмдарынан алып алсаңар жакшы болот. Ал жакта иштеген жердештерге берсеңер аябай кубанат.

***Тарых жана социалдык иштер факультетинин 4-курсунун студенти Карачач Кошонова:***

Мен, Карачач Кошонова, ОшМУнун Тарых жана социалдык иштер факультетинин 4-курсунун студентимин. 2023-жылы жай айында FERIEN JOB программасы менен Германияга барып келдим. Немец тилин 5 ай окудум. Курс, документтер, виза, билет ж.б. баары биригип 90 миң сомдон ашык каражат короттум. Компания менен барганым үчүн ал жакка керектүү болгон документтердин баарын топтоого компания өзү жардам берди. Болгону ошол документтерге студент өзү да так болушу керек.

Германия - өтө кооз жана тынч өлкө. Чет өлкөлөрдөн келген адамдарга "мигрант" деген көз караш жок. Адамдары өтө жөнөкөй жана кичипейил. Чындыгында аз эле убакыт болгонум үчүн көп терс жактарын байкай албадым. Бирок биринчи барганда ал жактын тамактарына көнө албай жүрдүк. Биз үчүн адал тамак табуу бир аз кыйыныраак болду. Аба ырайы биздикине салыштырмалуу жаанчыл экен. Азыркы кетип жаткан студенттерге эч нерседен коркпой, тилди жакшы үйрөнүп бара берсеңер болот деп кеңеш берем.

***Кыргыз филологиясы факультетинин 4-курсунун студенти Айзирек Тайлак кызы:***

Мен, Тайлак кызы Айзирек, Ош облусунун Ноокат районунан болом. Азыркы учурда Кыргыз филологиясы факультетинде 4-курста окуп жатам.

Германия мамлекетине FERIEN JOB программасы менен 3 айга барып келдим. Ал жакка баруу үчүн 150 миңдей акча короттум. Чындыгында документ иштеринин көпчүлүгүн мени жөнөткөн компания даярдап берди. Визага керектүү документтерди туура, так даярдоо керек. Себеби виза алгандан соң гана чет өлкөгө барууга жол ачылат.

Германия өлкөсүнүн жакшы жактарын көп белгилеп айта алам. Биринчи эле айта турган нерсе бул - шаардын тазалыгы жана тынчтыгы болду. Анткени эрте менен жүгүрүүгө чыкканыбызда шаарды тазалашчу. Экинчи айта турган нерсе - адамдардын кичи пейилдиги, анан да чынчылдыгы. 3 айда коллективге үйрөнүп калып, коштошкум келбей атып араң келгем. Азыр да иштеген жеримди эстеп, телефон аркылуу байланышып турам.

Германияга бара турган студенттерге айтаарым, компанияны туура тандап, тилди жакшы үйрөнүп, документ иштерине жакшы көңүл бургула. Себеби, Германияга барган соң тил билбегендиктен студенттер кайра кайтууга туура келген учурларды көргөм.

**Эльнура Кудайбердиева**

# ЖАПОНИЯ ЖӨНҮНДӨ КЫЗЫКТУУ ФАКТЫЛАР



## Айдын аты жок

Жапонияда айлардын аталышы жок, жөн гана “биринчи ай, бешинчи ай» деп аташат. Январь, март деп аташпайт.

## Биринчи баштабоо

Конституциялык мыйзамдарына ылайык, Жапония башка өлкөлөргө биринчи болуп согуш баштоого тыюу салынган.

## Токойлор

Жапониянын аймагынын үчтөн эки бөлүгүн токойлор ээлейт. Алар токойлорун кыйбайт, жаратылышка аябай маани берип, сактаганга аракеттенет.

## Он эки сааттык иш

Эрежеге ылайык, ар бир жапон суткасына 12 сааттан, жумасына 6 күн иштейт. Бизде болсо 8 саат, 5 күн. Көп иштегендин натыйжасында өлгөндөр да кездешет.

## Жер титирөө

Жылына 1400дүн тегерегинде жер титирөө болуп турат. Бирок, көпчүлүгүнүн күчү аз болгондуктан, кырсык аз. Имараттары да ошого ылайыкташтырылып салынат.

## Жапон эли эң узун өмүр сүрүшөт

Жапон калкынын өмүрүнүн узактыгы дүйнөдөгү эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири. Алардын тең салмактуу жашоо образы жана жаңы балык жана жашылчаларга басым жасаган тамактануусу узак өмүр сүрүүгө жардам берет. Алардын жыргалчылыгы жогорку сапаттагы медициналык тейлөөгө жетүү жана коомчулуктун күчтүү колдоосу менен дагы жакшырат. Жапониянын өзгөчө жашоо статистикасына өлкөнүн маданий каада-салттары жана саламаттыкты сактоо системасы чоң таасир этет.

## Жапония дүйнөдөгү сыдырмалардын дээрлик жарымын чыгарат

Сыдырмалар Жапониянын мода жана өндүрүш тармагындагы таасиринен бошотулган эмес. Эл дүйнөдөгү сыдырмалардын жарымынан көбүн жасап, өзүнүн кылдат инженериясын көрсөтөт. Жапон сыдырмалары дүйнө жүзү боюнча мода дизайнерлери жана өндүрүүчүлөр тарабынан жогору бааланат. Сапаты жана ишенимдүүлүгү үчүн суктанышат. Бул Жапония өндүрүш жана кол өнөрчүлүк боюнча пионер экенин дагы бир жолу далилдейт

## Дүйнөдөгү эң чоң балык базары Жапонияда болгон

Дүйнөдөгү эң чоң балык базары болгон "Цукидзи" базары Токионун эң уникалдуу жана чыныгы туристтик жерлеринин бирине айланган. Бул базар өлкөнүн кулинардык салтын өнүктүрүү үчүн маанилүү, анткени анын жандуу чөйрөсү жана деңиз азыктарынын ар түрдүүлүгүнө себеп болгон. Бирок, убакыттын өтүшү менен, рыноктун динамикасына жана дүйнөлүк балык өнөр жайына өзгөртүүлөр, дүйнө жүзү боюнча негизги балык рынокторунун салыштырмалуу маанилүүлүгүн өзгөртүүгө алып келди.

## 60 Секунд

Жапонияда кеч калуу өтө уят. Дайыма белгиленген саттан эртерээк барышат. Коомдук транспортто да 60 секунддан ашык кечиксе, кечирилгис ката.

## Жапонияда жалгыз тамактануу кеңири таралган

Жалгыз тамактануу азыр Жапонияда кадимки көрүнүш. Көптөгөн себептер, анын ичинде урбанизация, өзгөргөн жумуш графиги жана бир кишилик үйлөрдүн көбөйүшү, бул маданий өтүү менен байланыштырылышы мүмкүн. Көптөгөн тамактануучу жайлар жалгыз тамактануучуларга ылайыктуу эсептегич отургучтарды сунушташат, анткени "хонбетсу" же жалгыз тамактануу стигмасыз кабыл алынат. Бул тенденция жапон коомчулугунда социалдык мамилелердин кандай өзгөрүп жатканын көрсөтүп турат, бул жерде жеке убакыт жана ыңгайлуулук тез темпте өнүккөн заманбап жашоо образында көбүрөөк бааланат.

“Нур” ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:** САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:** Айзирек Гадаева

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Майрам Шарип кызы
Аниель Куламжанова
Малика Токтосунова
Гүлзар Максытали кызы
Аксаамай Жумабаева
Курманжан Жаркынбай кызы
Эльнура Кудайбердиева

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902